Автору: Жылдыз Бекболотова Иллюстрациялаган: Евгения Цыбуркова

# Кереметтин мышыгы

3-китеп



УДК 821.512.154-93
ББК 83.84
Б 42

Б 42 Бекболотова, Ж.

Кереметтин мышыгы: 3-китеп. — Бишкек: 2026. - 24 бет.

ISBN 978-9967-501-82-9

***Урматтуу ата-энелер!***

Балага китеп окуп берүү — бул жөн гана жомок айтып берүү эмес. Бул — жүрөктөрдү жакындаткан өзгөчө көз ирмем, мээримге толгон убакыт жана балаңыздын келечегине кошкон баалуу салым. Сиздин үнүңүздү угуп, жаныңызда отуруп китеп уккан бала өзүн коопсуз сезет, сүйүүнү жана камкордукту тереңирээк туят.

Мындан тышкары, чогуу китеп окуу — ата-эне менен баланын ортосундагы ишенимди бекемдейт. Каармандардын жоруктарын талкуулоо, суроолорго жооп берүү, күлүү жана кыялдануу — мунун баары сиздердин байланышыңызды дагы да тереңдетет. Бала үчүн эң баалуу нерсе — сиздин убактыңыз жана көңүл буруууңуз.

Адистердин айтымында, китеп окуу баланын сөз байлыгын кеңейтет, элестетүү жөндөмүн өнүктүрөт жана ой жүгүртүүсүн жакшыртат. Мындай учурда баланын мээсинде жаңы байланыштар пайда болуп, эс тутуму жана көңүл буруусу чыңдалат. Эрте жаштан китеп менен дос болгон баланын окууга болгон кызыгуусу артып, билим алууга умтулуусу күчөйт.

Андыктан ар бир күнү китепке бир нече мүнөт бөлүңүз. Бул мүнөттөр жылуу эскерүүлөргө айланып, балаңыздын жүрөгүндө өмүр бою сакталат.

BalaBook китеп жыйнагы сиздерге керемет көз ирмемдерди тартуулап, сиздер менен бирге болсун!

Көңүлүңүздөр сергисин, бирге окуп, бирге өсүңүздөр!

Саламым менен,
Китептин автору
***Жылдыз Бекболотова***

ISBN 978-9967-501-82-9

© Бекболотова Ж.,2026

УДК 821.512.154-93
ББК 83.84

Автору: Жылдыз Бекболотова
Иллюстрациялаган: Евгения Цыбуркова

# Кереметтин мышыгы

3-китеп

2026

Керемет дем алыш күнү атасы менен тоого барып, ал жерден бир ит таап алышпады беле. Аны талаага жалгыз таштай албай үйүнө алып келишкен.

Дүйшөмбү күнү Керемет бакчага барары менен тоого кандай барып келгенин баарына баяндап берди. Балдардын баары Кереметтин окуясын кызыгып угушуп, эми Лума менен таанышкылары келишти. Бермет болсо Луманы мен биринчи көргөм деп мактанды.



Асан «Мен тоого барганда мындай кызык болгон эмес эле» деп ичи күйгөндөй болду.

-Луманы сен таап алганын жакшы болуптур. Апам квартирага баары бир Луманы киргизбейт болчу, - деди бир чети сүйүнүп.

Кереметтин группасындагы башка балдар-кыздар дагы тоого баргылары келишти.



Кечинде атасы Кереметти алганы келгенде, Керемет андан итине үй жасап берүүсүн суранды. Атасы: «Чын эле Лумага үй керек» - деп дароо эле макул болду. Экөө базарга барып жыгач-таш алып, анан үйгө кайтышты. Экөөлөп тактайларды түздөп кесип, дубалын мык менен уруп чыгышты. Лума урунуп албасын деп ар бир мыкты кылдаттык менен түбүнө чейин киргизе кадашты.





Андан соң чатырын шыйпыр менен жаап, ичин суу өтпөгөндөй жылуулашты. Азыр жай болгондуктан ысык болбосун деп кенедей терезе дагы тагып коюшту. Апасы үйдөн эски төшөнчү алып чыгып, астына төшөп берди. Луманын эми өзүнүн ак сарайы бар. Макулук болсо да, Лума үй өзүнүкү экенин түшүнгөндөй атасы экөөнүн жанында шыйпаңдап жүрдү.

Жума билинбей эле өтүп кетти. Керемет бакчада, атасы, апасы жумушта жүрүп убакыттын кандай өткөнүн байкашкан жок. Кайрадан дем алыш келип калды.

- Керемет, эртең айылга барам. Өткөн жумада барбай калбадым беле. Барасыңбы мени менен?

- Ураа, ооба атаке!

- Анда мен деле барам. Жалгыз үйдө отурмак белем, - деп апасы дагы кошулуп алды. Эртеси күнү үйдү Лумага, Луманы Алмаш апага табыштап коюп жөнөп кетишти.



Керемет машина токтой электе эле секирип кетчүдөй безеленет. Ал чоң ата, чоң энесине Лума жөнүндө айтып берем деп шашкалактап жатты. Алар Керемет менен атасын мактап, экөөнүн боорукерлигине жогору баа беришти.

- Ырас кылыпсыңар, ал дагы кудайдын бир макулугу. Аярлап, жакшы баккыла. Үйдөн ит үрүп чыгып турган жакшы эмеспи,- деди чоң атасы небересинин чачынан сылап.



Бир чыны чай ичээри менен Керемет Айсулуунун үйүн көздөй жылт коюп жөнөдү. Ал Айсулууга дагы Лума жөнүндө айтып бергенге шашып баратты. Жетип эле дарбазаны такылдатканда, ары жактан Айсулуунун апасы эшиктин ачык экенин айтты.



- Саламатсызбы, мен Айсулууга келдим эле.
- Оо, шаардык кыз. Кандайсың? Конокко келдиңби?
- Ооба. Айсулуу үйдөбү?
- Ооба, сарай жакта жүрөт. Түз эле бара бер.



Керемет сарайга кирсе, Айсулуу мышыктын кичинекей мыймыйлары менен ойноп отуруптур. Болгондо да алты даана экен. Досун көрүп сүйүнүп кетти. Мыймыйлар дагы сүйүнүшкөндөй мыйоолошуп, экөөнүн буттарына оролушуп ойноп жүрүштү.



Керемет Айсулуугa Лума жөнүндө төкпөй- чачпай айтып берди. «Эми менин дагы үй жаныбарым бар»,-деди кубанычта. Айсулуу дагы досунун кубанычын бөлүшүп жайдары.



Айсулуунун мыймыйлары көбүнчө агала-карала тактары бар сүйкүмдүү жандыктар экен. Айсулуу бир мыймыйды өйдө көтөрүп, Кереметке «бул менин мышыгым» деди мактанычтуу. Керемет караса, ал мышык Луманын эле так өзү экен. Лума өзү ак болгону менен оң кулагы кара эле. Ал эми бул мыймыйдын болсо, тескерисинче, сол кулагы ак экен.

Керемет дароо эле, Айсулууга асылып кирди.

- Айсулуу, сенин мындан башка деле беш мышыгың бар турбайбы. Бул мыймыйды мага берчи?

- Жок, бере албайм. Бул менин эң жакшы көргөн мышыгым.

- Бул мышыктын баласы Лумага өтө окшош экен. А сен болсо башкасын тандачы, суранам.





- Кечирип кой, Керемет. Бул мыймыйды бере албайм сага. Бул меники дедим го.

- Мен сага мына бул жумшак ак илбирсти берем. Курсагын бассаң жарык күйөт.

Айсулуу бир азга ойлонуп калды. Кереметте бир аз болсо дагы, берип калабы деген үмүт пайда болду. Бирок Айсулуу бир аз ойлонгондон кийин, бере албастыгын айтты.



Кереметтин жини келип: «Бербесең кой» - деп кетип калды. Үйгө көңүлү жок кайтып келди.



- Керемет, эмне болду? Айсулуу үйүндө жок бекен? - деди апасы короодо оокат кылып жатып.

- Үйүндө эле экен, - деп Керемет бурк этти.

- Анан эмне болду?

- Мыймыйын бербей койду.

- Эмне мыймый?

- Мышыгы жаңы тууган экен. Бирөөсү так эле Луманын өзү. Бер десем, мага дагы бул мышык жагат деп койду.





- Керемет, сенин Лумаң бар да. Мышыкты эмне кыласың? Лума менен ойнойсуң, жетет.

- Апа, ал мышык дегенчи, Луманын так эле өзү экен. Экөө эгиз болмок да.

- Тентек десе, ит менен мышык дагы эгиз болмок беле.

- Болот эле болчу.

Апасы Кереметти жанына отургузуп алып жай түшүндүрүп берди.

- Керемет, түшүнөм, сага ал мыймый жагып калды. Айсулууга дагы ал жагат. Ал мыймыйларын туулгандан бери багып жүрсө керек. Анан бергиси келбейт да. Ага таарынба, кызым, - деди апасы кызын жоошутканга аракет кылып.



Аңгыча дарбаза ачылып, Айсулуу кирип келди. Колунда кичинекей мыймый бар эле. Ал чын эле, Лумага абдан окшош экен. Атасы менен апасы дагы «тообо, ушундай дагы болот экен ээ» деп таң калып калышты.



- Мына, сага алып келдим. Апам бир үйгө бир эле мышык жетет деп уруксат бербей койду. Жакшылап бак, - деди Айсулуу көңүлү суз.

- Рахмат, албетте, мен жакшы багам. Соонун багам. Мен кеткиче чогуу ойноп турсак болот, - деп Керемет сүйүнгөндөн так секирип. Атасы менен апасы дагы жок дей алышпай, дароо эле макул болушту.



Керемет менен Айсулуу мыймыйды көтөрүп алып чуркаган бойдон кетишти. Экөө көлөкөдө отуруп алып бала мышыкка ат издешти. Мурка дейли десе, «Лумага окшошпой калат»,- деп Керемет болбойт. Акыры, Мурка эмес, Минка болсун дешти. Ошентип, эми Кереметтин ити гана эмес, Минка деген мышыгы дагы пайда болду.



Жекшемби күнү алар жолго чыгарда, Айсулуунун бир аз көзүнө жаш тегеренди. Аны көргөн Кереметтин жүрөгү ооруп, досунун көңүлүн кыйбай катуу кучактады. Ал ансайын Айсулуунун жүүнү бошоп ыйлагысы келет.



Аларды көргөн Кереметтин апасы мындай сунуш киргизди:

- Айсулуу, эмки дем алышта сен биздикине келип, Минка менен көрүшүп кетпейсиңби? Кандай дейсиң?

Айсулуу эмне дээр экен деп апасын тиктей берди.



- Мейли, эгер силерге оорчулугу тийбесе барып келсин. Кийинки жумада атасынын шаарда жумушу бар. Эгер мүмкүн болсо, Айсулуу атасынын жумуштары бүткөнчө силердикинде туруп турсун.

- Жок, кайдагы оорчулук. Эки дос моокумдары канганча ойноп алышсын.

- Биздин моокумубуз эч качан канбайт, - деп эки кыз кыткылыкташты.





**Жылдыз Бекболотова**

# Кереметтин мышыгы

*Кыргыз тилинде*

*Редактор:* **Толук Бек Байзак**
*Сүрөтчү:* **Евгения Цыбуркова**
*Корректор:* **Акылай Аманат**
*Тех. редактор:* **Нурматов Достонбек**




**Керемет айылда** (1-китеп)

Керемет кантип короз менен кармашып, көчөдөн Айсулуу менен достошту? Керемет кандай ачылыш жасады жана эмнеге үй жаныбары керек деп чечти? Кеттик анда Керемет менен айылга!




**Кереметтин тоодогу бир күнү** (2-китеп)

Асандан угуп, Керемет да тоого баргысы келди. Бул китеп Керемет менен атасынын тоодогу бир күнүн баяндайт. Керемет кантип күчүктүү болду жана ветеринар анын күчүгүн кантип дарылады?




**Кереметтин мышыгы** (3-китеп)

Ураа, Керемет мышыктуу болду! Мышыгынын аты — Минка. Минка кимге окшош? Лума менен Минка достошобу же касташабы? Муну бул китептен билесиң, балакай.

9 789967 501829